DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 10, 2019

*Исаков К.А., Бердиев А.Т.*

# КАТААЛ МЕЗГИЛДЕ КАЙНАП ЧЫККАН УЛУУ ИНСАН АБДЫКАДЫР ОРОЗБЕКОВ

*Исаков К.А., Бердиев А.Т.*

# ВЕЛИКАЯ ЛИЧНОСТЬ АБДЫКАДЫР ОРОЗБЕКОВ – БОРЕЦ ЖЕСТКОГО ВРЕМЕНИ

*K.A. Isakov, A.T. Berdiev*

# ABDYKADYR OROZBEKOV-THE GREAT FIGURE AND THE FIGHTER OF THE HARD TIMES

*УДК: 947.088-52.24.043.3*

*Кылымга тете тарыхы бар Совет доорундагы кыргыз элинин тарыхый инсандары жөнүндө маалымат негизинен көркөм адабияттар аркылуу элибизге жетип турганы талашсыз факт. Аларды биз тарыхый романдарды көркөмдөгөн каармандар аркылуу билип келдик. Кендирди кескен таптык мамиле көптөгөн кыргыз элинин тарыхый инсандарын тарых сересине ачык алып чыгууга бөгөт койгон. Анткени учур талабы, коммунисттик идеология жана анын үстөмдүгү, көп убакта элибиздин чыгаан ишмерлерин таптык көз караш менен баалап, аларды негизинен каралап, терс мааниде көрсөтүшүп келишкен. Эске ала турган жагдай кыргыз элин эл кылып, жерин жер кылып, улуттук мамлекеттүүлүктүн пайдубалын куруп, анын андан ары өнүгүшүнө өзгөчө салымын кошкон инсандарыбызга саясий боёк менен жалган күнөөлөр коюулуп, алар жөнүндө реалдуу-ачык айтууга тыюу салынып келинген. Айрыкча таптык мамиле Совет доорунда күч алган. Советтик түзүлүштүн алгачкы жылдарындагы кыргыз улуттук мамлекетинин пайдубалын тургузуп, бекемдөөгө өзгөчө салым кошкон, партиялык жана мамлекеттик ишмер А.Орозбеков тууралуу маалыматтар атайылап "унутулуп", көмүскөдө калып келген. Элибиз эгемендүүлүк алгандан соң, жалган жалаа жабылып, туура эмес күнөө коюулган улуу тарыхый инсандарыбыз жөнүндөгү маалыматтарды катылган тарых бүктөмдөрүнөн алып чыгуу укугуна ээ болду. Ошентсе да, А.Орозбеков жөнүндө масштабдуу (комплекстүү) түрдө реалдуу тарыхый иликтөө али жокко эсе. Ошондуктан, чакан бул макалада улуу тарыхый инсан, мамлекеттик жана коомдук ишмер А.Оробековдун катаал өмүр жолу, кыйын мезгилдеги кыргыз мамлекеттүүлүгүн түптөөдөгү кошкон чоң салымы-ишмердүүлүгү реалдуу фактылардын жана тархый-архивдик материалдардын негизинде анализге алынды.*

***Негизги сөздөр:*** *революциялык комитет, тарыхый процесс, лидер, коммуна, Кантон, элита, коомдук ишмер, мамлекеттик ишмер, оор мезгилдер.*

*Неоспоримым фактом является то, что информацию об исторических личностях кыргызского народа советской эпохи, мы узнавали в основном из художественной литературы. В этом нам помогли герои исторических романов. Отрицательное отношение к ним, всегда препятствовала узнать правду об исторических личностях кыргызского народа. Потому, что господство коммунистической идеологии требовало к всему относиться классовым взглядом и в результате чего они всегда оставались в тени истории. Много времени нашим выдающимся историческим личностям, которые внесли огромный вклад в становление и развитие нашей национальной государсвенности, просто на просто запрещалось говорить правду. Особенно такое отношение усилилось в советское время. Ярким примером является специальное запрещение что-либо узнавать о жизнедеятельности выдающегося сына кыргызского народа, который вносил огромный вклад в становление и укрепление кыргызской национальной государственности А.Орозбекова. Только, после обретения независимости, наш народ получил возможность узнавать правду о своих забытых героях. Несмотря на это, пока что масштабных (комплексных) исследований об А.Орозбекове почти не ведется. Поэтому, в данной статье, на основе реальных фактов и историко-архивных материалов, проанализирован тяжелый жизненный путь А.Орозбекова, его огромный вклад в становление и укрепление кыргызской национальной государственности.*

***Ключевые слова:*** *революционный комитет, исторический процесс, лидер, коммуна, Кантон, элита, общественный деятель, государственный деятель, тяжелые времена.*

*It is undoubtful fact that information about the Kyrgyz historical figures of the soviet period, which has a century history, have been reached through the fiction and poetry. We learned them on the roles of heroes of the historical novels. It was difficult for them to come out to the history openly, as there were obstacles at that time. Because the requirements of that hard time, the soviet ideology, its domination tried to show the leaders as negative as "enemy" to the soviet policy. There is the fact that they showed black those figures, who fought for the Kyrgyz earth, for the Kyrgyz people, for setting the foundation of the Kyrgyz Statehood and prohibited to speak the reality about*

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*them. Especially it was the time class relations during the Soviet period. One of them was A.Orozbekov, who was especially "blacken" and forgotten in spite of his making huge contribution to the foundation of Kyrgyz statehood. Having got the Independence, Kyrgyz people had got the right to get real information about such especially "blacken" and "forgotten" historical figures. But, unfortunately, there is not still enough real historical complex research about Abdukadir Orozbekov. That's why this article analyzes the complex biography of the famous statsman and public figure A.Orozbekov and his huge contribution to the formation of the Kyrgyz state on the basis of real facts and historical and archival materials.*

***Key words**: revolutionary Committee, historical process, leader, commune, Canton, elite, public figure, statesman, hard times.*

Татаал тарыхый процесстин катаал логикасына ылайык түзүлгөн геосаясий кырдаалга социомаданий шартына жараша ар улуттун көзгө басаар чыгаан, лидерлик касиетке ээ болгон инсандары жаралат. Өзгөчө талантка ээ болгон, омоктуу жөндөм шыгы бар, бийик ойлом-туюмга эгедер болгон улуу инсандарды өзгөчө элитардык топко кошуу менен ошол элдин "элитасы" десек калпыстык болбос.

Саясий элита түшүнүгүндө коомдук-саясий, мамлекеттик ишмерлердин орду, ролу өзгөчө. Ошондуктан Г.Киссенджер "Ар бир доордун өзүнүн улуу инсандары, коомдук-саясий ишмерлери болот. Универсалдуу инсандар жана лидерлер ар мезгилде эле жарала бербейт. Табият байыркы гректерге А.Македонскийди, монголдорго Чынгызханды, Түрктөргө Темирлан менен Бабурду, Кытайлыктарга Ден Сяопинди, Индиялыктарга Махатма Гандини бергендей" - деп баса белгилейт [12, 17-б.].

Менимче, улуу инсандардын, коомдук ишмерлердин кызыкчылыктары өз элинин мүдөөлөрү менен дал келсе, анда ал элге кудайдын бергени, а тескерисинче дал келбей калса анда калайык-калктын шору. Муну биз өзүбүздүн коомдук турмуштан баш кечирип жатабыз го.

Эми регион жана улуу инсандар жөнүндө айтсак. Кыргызстандын Түштүк-Батышы өзгөчө регион болуп саналат. Жеринин катаал экендигине карабай, эли иштерман-аракетчил болушат. Тарыхта белгилүү болгондой аталган аймак нечендеген улуу инсандарды жаратты. Американын элдери өзгөчө үч президенти менен сыймыктанышып келишет: Рузвельт, Джефферсон, Кеннеди. Кыргыздар да Америкалыктар сыяктуу тарыхый үч инсаны менен сыймыктанганга акысы бар, алар: А.Орозбеков, И.Раззаков, А.Масалиев. А. Орозбеков кыргыз мамлекетинин пай дубалын түптөгөн инсан. Ал эми И. Раззаков болсо, Кыргызстан оор (согуштан кийинки) мезгилде жетекчилик кылып, мамлекетибизди, элибиздин ар тараптуу өнүгүшү үчүн өз жанын аябаган инсан катары билебиз. А.Масалиев болсо, Кыргызстандагы алгачкы демократиянын атасы жана тазалыктын үлгүсү боло алган инсан катары тарыхта орду калды. Мына ушул инсандар бул региондун кулундары, Сиздердин жердештериңер болушат! Булар менен Сиздер жана кыргыз эли сыймыктанышат. Ушундай кереметтүү жерден дагы да улуу инсандардын жаралышына мен ишенем!

А.Орозбеков жаштайынан катаал турмушту баштан өткөргөн. Ал карапайым үй-бүлөдөн чыгып, өлбөстүн күнүн көрүү үчүн кичинекей жер тилкесин иштетип жан багып жүргөн. Кошуналаш Фергана, Андижанда жумушчулук кылып, 1916-жылы падышачылык режимге каршы чыккандардын арасында болгон. Ал эми 1917-жылы ал өзү иш таштоого жетекчилик кылып жумушчулардын жеңишине жетишкен.

Февраль революциясынын күндөрүн А.Орозбеков Фергана шаарында өткөргөн. Анда ал наабайчылардын, кол өнөрчүлөрдүн шахтёрлордун ж.б. секцияларын уюштуруу иштери менен алектенчү. Кийин ошол секциялар Чебер жумушчулар жана кызматчылар союзуна биригип, большевиктердин жетекчилиги астында кезектеги саясий күрөштө маанилүү роль ойногон.

Убактылуу өкмөткө каршы күрөштүн тушунда А.Орозбеков Чебер жумушчулар жана кызматчылар союзу тарабынан Жумушчу – солдат депутаттардын Фергана областык кеңешине, Маргалаң уездик жана шаардык аткаруу комитеттеринин президиумуна мүчө болуп шайланат.

1918-жылы 6-августта А.Орозбеков большевиктердин катарына өтөт. Ушундан баштап ал Совет бийлиги үчүн революциялык күрөш жолунда тикесинен тик турат. Алгач ал Ак-Арык айыл чарба коммунасын жана андагы коммунисттер ячейкасын уюштурат.

1920-жылы бир эле мезгилде Чимион революциялык комитетинин төрагасы, Үч-Коргон кантондук аткаруу комитетинин төрагасынын орун басары, Маргалан кантондук аткаруу комитетинин төрагасы кызматтарын ээлеп турганда, басмачылар отряддарына каршы согуштарга катышкан, айыл-кыштактарда Совет бийлигин чыңдоо үчүн күрөшкөн, "Кошчу" союзун уюштурууга, аны бай – манаптар менен дин кызматчыларынан арылтууга көмөктөшкөн.

Жоргоруда улуу инсандын ишмердүүлүгү жөнүндө кенен-кесир айтылды. Мен анын айрым бир айтылбай калган жагдайларына токтоло турган болсом. А.Орозбеков Кыргызстандагы айыл-чарбасын,

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



өнөр жайын жөнгө салуу менен биргеликте биринчи кезекте элдердин социалдык маселелерине көп көңүл бурган.

Элдин социалдык абалын жакшыртуу үчүн 1937-жылы республикада 10 төрөт үйү, 123 фельдшердик пункту, 160 врач участоктору, 76 оорукана ачылган. Ошол жылдары 5 санаторий, 2 эс алуу үйү, ондогон пионер лагерлери курулган. 1600дөн ашык мектептерде 265 миң окуучу билим алган. Алардын көпчүлүгүн кыргыз балдары түзгөн. Ушул мезгилде жашы чоңдордун 60% сабатсыздыгын жойгон. Бул иштерге түздөн-түз катышкандыгы туурасында төмөндөгүдөй эскерет: "Кыргыз ариптерин түзүүгө катыштым, басма жана агартуу иштерин кеңири жайылтууга жетекчилик кылдым". Документалдуу булактарга таянсак К.Тыныстанов баш болгон илимпоздор илимди өнүктүрүү үчүн материалдык да, моралдык да колдоо көрсөтүп турган. Кыргыз интелегенциясынын өнүгүшүнүн араб алфавитинен латын арибине өтүү үчүн комиссияны өзү жетектеп, болгон күчүн жумшаган [2, 143].

Ощол мезгилде Кыргызстанда 2 жогорку окуу жайы, 12 техникум, 4 рабфак ачылган. 5 республикалык, 38 райондук газеталар, 3 журнал 160 миң нускада басылып чыккан. Жалпы нускасы 7млн. ашык 1356 наамдагы китептер жарык көргөн. 1936-жылдын аягында өлкөдө 16 театр, 3 мамлекеттик филармония болгон. 157 кинотеатрда 300дөн ашык радиоустановкалар, 53 радио түйүндөр иштеп турган [2, 144-б.]. Мунун өзү ошол катаал мезгилдеги А.Орозбековдун агартууга, билимге жана жалпы эле социалдык маселелерге болгон чоң салымы десек адашпайбыз.

1926-жылы 8-ноябрда Бүткүл Россиялык Борбордук Аткаруу Комитетинин (БАК) 12-чакырылышынын 3-сессиясында (М.Калинин төрагалык кылган) А.Орозбеков доклад жасаган. Анда А.Орозбеков жалпы кыргыз эмгекчилеринин эркин билдирүү менен кыргыз элинин көп кылымдык тарыхы, өзүнө тиешелүү үрп-адаты, улуттук маданияты бар эл экендигин айтуу менен "кара кыргыз" деп аталып келген кыргыздарды казактар (кыргыз-казак) менен алмаштырып айтылуусунун туура эместигин айтып жана улуттар арасындагы карама-каршылыктын ооздуктап, тескерисинче улуттар ынтымактыгын күчөтүү аракеттери көрүлүп жаткандыгын баса белгилеген. Мындан сырткары ынанымдуу фактылардын негизинде Кыргыз Автономиялык облустун ордуна Кыргыз автономиялык Советтик Социалисттик Республикасын түзүү жөнүндөгү өтүнүчүн билдирген. Сессиянын жыйынтыгында мындай сунуш эске алынып, 17 кишиден турган комиссия түзүлүп (арасында мүчө катары А. Орозбеков өзү да болгон) натыйжада 1927-жылдын 15-апрелиндеги Бүткүл Россиялык БАКтын 13-сьездинде Кыргыз Советтик Социалисттик Автономиялык республикасы түзүлгөн.

Түзүлгөн Республиканын иш-аракеттерин мыйзамдуу жөнгө салуу үчүн укуктук база аба менен суудай керек экендигин А.Орозбеков жакшы түшүнгөн. Ошондуктан, ал Республиканын Конституциясын иштеп чыгуу зарылчылын өзү колго алган. Атайын жумушчу топ менен биргеликте Конституциянын долбоорун иштеп чыгышып кабыл алышкан. Конституцияда мамлекеттин формасы, кыргыз элинин түпкү максаты, элдердин жана аялдардын тең укуктуулугу, эмгекчилердин акысыз билим алуу укугу, граждандык укук маселеси, шайлоо системасы ж.б. көптөгөн маселелер боюнча беренелер камтылган.

Ал эми 1936-жылкы Кыргыз ССРнин жаңы Конституциясынын долбоорун иштеп чыгуу атайын комиссиянын төрагалына Автономиялык Республиканын БАКтын төрагасы А.Орозбеков эмес, Кыргыз обкомунун биринчи катчысы М.Белоцкий дайындалган. Мына ушул жерден А.Орозбековго болгон кара булуттун айланышы пайда боло баштаган.

Төрага катары ишмердүүлүгүнүн акыркы жылы болгон 1937-жылы А.Орозбеков борбордук массалык басма сөз каражаттарына эки чоң макала менен чыккан. Биринчиси "Торжество возрожденного народа" деп аталып 20-мартта "Советская Киргизия" газетасына чыккан. Анда кыргыз АССРнин Кыргыз ССРи болуп кайра түзүлүүсүн даңазалаган. Экинчиси СССР БАКнин органы болгон "Известия" газетасына жарык көргөн "Золотое руно" деп аталган макала. Мында автор жаңы түзүлгөн кыргыз республикасынын эл чарбасын 3-5 жылдыктагы өнүктүрүү маселелерин көтөргөн [10]. Эки макала ошондогу бүткүл элдик жетекчинин абройун дагы көкөлөтүп, чагылган сыяктуу саясий аренада дагы бир жарк этип, анан тездик менен өчкөндөй эле болгон.

1937-жылы 23-мартында Кыргыз ССРнин Кеңештеринин кезексиз V Бүткүл кыргыз курултайы БАКтын тез арада жаңы Конститутциянын негизинде "Шайлоолор жөнүндө жобону" иштеп чыгууну жана Жогорку Кеңешке шайлоо мөөнөнтүн тактап, бекитүүнү тапшырган [10]. Бул бекер жерден эмес эле. Анткени Конституциянын долбоорун даярдоодо "Атуулдардын укугу жана шайлоо системасы" бөлүмүнө А.Орозбеков төрагалык кылган чакан комиссия иштеп чыккан эле. Бул мезгилдерде А.Орозбеков мурдагыдай мамлекеттик, коомдук-саясий иштерге анча активдүү түрдө киришкен эмес. Себеби, мындай көрүнүш анын каалабагандыгынан эмес, ага жолтоо болуп

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



жол бербегендиктен келип чыккан көрүнүш болчу. БАКти жогоруда аталган документти кыска мөөнөттө иштеп чыгып, СССР БАКти Кыргыз ССРнин Жогорку Кеңешине шайлоо компаниясын 12-октябрда баштап, 12-декабрда шайлоо өткөрүү жөнүндө токтом кабыл алат. Бирок бул өнөктүктөр Кыргыз ССРнин БАКнин төрагасы А.Орозбековдун катышуусу жок өтөт. Анткени ал бул мезгилде (аны 8-сентябрда) кызмат ордунан бошотулуп, камакта жаткан болчу.

А.Орозбеков дээрлик 12 жыл Кыргыз облаткомун уюштуруучусу, Кыргыз АССРнин Кыргыз ССР болуп кайра түзүлүшүн бирден-бир негиздөөчүсү болгон. Ал жаңы Конститутциянын долбоорунун атайын бөлүгүн даярдап, кезексиз курултайда кабыл алынышына өз салымын кошкон. Жаңы түзүлгөн Конституцияда бардык атуулдардын тең укуктары - эмгекке, эс алууга, сөз жана басма сөз эркиндиктерине жол берилген. Тагдырдын тамашасына чек жок дегендей, өзү түзгөн эркиндиктерге гарант болгон жаңы Конституция А.Орозбековду атуулдук укуктарынан мыйзамсыз ажыратып, ошол кездеги системанын курмандыгына айланган. Бул кыргыз эли үчүн орду толгус зор жоготуу болгон [2, 144-145-бб.].

Исхак Раззаковдун кол жазмаларында “Туулдуң-өлдүң, туулган соң, өлмөк бар” - деп айтылат. И.Раззаковдон сурашат экен. “Өлбөй калуунун жолу барбы? - деп И.Раззаков жооп берет. “Өлбөстүн жолу бар, - ал адал эмгек” - деп жооп айтат. Муну А.Токомбаев да “Өмүр бизден өтүп кетсе, эл эмгектен эскерсин” - деп ырастап олтурат. Ушул өңүттөн алып караганда катаал турмушту баштан өткөзүп, элибизге жасаган талыкпаган ак эмгеги менен улуу инсаныбыз Абдыкадыр Орозбеков биз менен түбөлүк бирге жашайт!

**Адабияттар:**


1. Абдыкадыр Орозбековдун Кыргыз Совет мамлекеттүүлүгүнүн түптөлүшүндөгү орду. - Б., 2019. - 324 б.
2. Бекмурзаева Г.К. Абдыкадыр Орозбеков – мамлекеттик ишмер. - Ош, 2019. - 160 б.
3. Блондель П. Политическое лидерство. - М.: Прогресс, 1992.
4. Кашин Г. Курс истории элитологии. - М.: Прогресс, 2001.
5. Кашин Г., Охотский Е. Курс элитологии. - М., 1999.
6. Михельс Р. Социология политической партии. - М., 1997.
7. Мокшина В. Политология. - М.: Культура, 2008.
8. Моска Г. Правящий класс. - М., 1997.
9. Мухаев Р. Поитология. - М.: ЮНИТИ-ДАНА, 2008.
10. Тузов А. Президент Республики. // Комсомолец Киргизии. 1989. 29-ноябрь.
11. Ортега-и-Гассет Х. Избранные труды. - М.: Весь Мир, 2000.
12. Пугачев В., Соловьев А. Введение в политологию. - М., 2007.
13. Сааданбеков Ж. Нурсултан Назарбаев. Законы лидерства. - Астана, 2005.
14. Исаев К., Сейитбаев Б. Саясий элита: коомдогу бедели, социологиясы. - Б.: - 2014. - 516.